№95 Таабалды Жоробеков атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында ата-эне жана коомчулук менен биргеликте өткөрүлгөн чогулуштун

№ 2 Протоколу

Кара-Тарык айылы: 19.11.2021-жыл

Катышканы: Ата-энелер-206

Мугалимдер:17

Президиум:

1.Мектеп директору: Алимбековна Назира Үсөновна.

2.Соц. педагог: Кожошова Миргул

3.Ата-энелер комитетинин төрайымы: А. Салянова

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Окуу-тарбия иштеринен маалымат. (ОББ.Н.Абдураимов)

3.Ата-энелердин билим берүү иш аракетине канаттануусу.

Угулду: 1-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Н.Абдураимов “Ата-энелердин билим берүү иш аракетине канаттануусун аныктоочу” анкетасы менен тааныштырып, ар бир пункттарына токтолуп тааныштырды. Ошону менен бирге окуучуларга 17 мугалим талыкпастан чыгармачылык менен жаш муундарга ыймандык адамгерчиликтин, жүрүм турумдун этикалык тадаптарына ылайык тарбиялоого, сапаттуу терен билим берүү милдетин аткаруу үстүндө иш алып барышты. Окуу жылында пландаштырылган иш чаралар өз мөөнөттөрүндө аткарылып келет.

Мектепке мектеп жашына жеткен балдар толук тартылды. Жалпак - Таш айыл аймагында өткөрүлгөн "Мыкты мугалим" кароо сынагына англис тили мугалими Мыктыбек кызы Айдана 3-орунга ээ болуп, баалуу белектер менен сыйланды. ЖРТ жыйынтыгында 11-класстын 5 окуучу катышып, жогорку балл 127 болду. Жалпы мектеп боюнча билим сапат 51% болгондугун белгилеп өттү.

Жарыш сөзгө ата-энелер комитетинин төрайымы Аида Салянова жана Г.Абжалова, М. Жороева, У. Чонобаевдер ж.б ата-энелердин ой пикирлери:

А) Мугалимдерге ыраазычылык билдиришти.

Б) Заманбап технологиялардын, уюлдук телефондордун жаш муундарга терс таасирлери күч алып бара жаткандыктан, уюлдук телефонду өз убагында туура пайдалануу жолдорун үйрөтүүнү мектеп мугалимдеринен суранышып, ата-энелер бирдикте колго алууну сунушташты.

Токтом:

1.Окуучулардын билимин, тартибин, жүрүш турушун ата-энелер үйдөн көзөмөлдөп, окуучулардын уюлдук телефонун колдонушун, туура пайдалануу жолдорун үйрөтүүнү мектеп мугалимдерине жана өз убагында керек болгон учурда пайдалануусун көзөмөлдөөсү ата-энелерге милдеттендирилсин. 2.Мектеп окуучуларына татыктуу тарбия, терең билим берүүдө ата-эне, коомчулук, мектеп менен биргеликте иш алып барылсын.

3.Ата-энелердин "Билим берүү процессине канаттануусун аныктоочу" анкетасын толтуруп берүү ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.

Мектептин ата-энелер

Комитетинин төрайымы: Аида Салянова

Катчы: Кожошова.М.